Кабыл алынды:

№ 3 пед .кеңешме

“12” 10 20 20 -жыл

“Бекитилди”

Мектеп жетекчиси: ________ Исаева А.Б

“12” 10 20 20 -жыл

**Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**

**натыйжаларына жетишүү жобосу**

Мектептеги предметтик окутуу, тарбиялоо, окуучулардын аң-сезиминин өнүп-өнүгүүсү, коомдук мамиле баалуулуктар менен тааныштырууну камтыган мазмуну анын билим берүүсүнүн өзөгүн түзөт. Социалдык жана экономикалык өнүгүүлөрдүн тез өзгөрүлүү учур заманда, орто мектептердин стандарттарына , программаларына жана окуу пландарына белгилүү бир өзгөртүүлөрдү киргизүү, чындыгында , билим берүүнүн жаңы натыйжаларына жетишүү үчүн шарттардын бири болуп саналат. Жаңы технологиялар өнүгүп турганда билим берүү тармагына да жаңыча көз караш жана жаңы шарттар менен мамиле кылуу зарылчылыгы жетилди , алар:

- милдетүү түрдө мектепке чейинки даярдык,
-стандарттарды жаңы муундагы окуу китептерин иштеп чыгуу ,
-улутту баалоону киргизүү , электрондук тестирлөө,
- мугалимдерди окутуунун альтернативдүү методдорун киргизүү ,
-мамлекеттик тилди окутуунун методикасын өзгөртүү,
-чет тилди окутуу сааттарын көбөйтүү,
-гуманитардык сабактарды окутууга басым жасоо,
-интернеттин баардык окуучуларга жеткиликтүү болушун көзөмөлдөө,
-билим берүүнү санариптикке өткөрүү.

Мектептеги билим деңгээлин жогорулатуунун бирден –бир шарты окуучулардын предметтик жумалык окуу жүгүн азайтуу процесси , булар үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү тутумуна жаңы муундун стандарттарын этап-этабы менен киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынды: 2016-2017-жылдары 1-4, 5-9-класстар үчүн жаңы муундун предметтик стандарттарын иштеп чыгып , 2018-2020-окуу жылында ишке ашырууну колго алды. Ушуга байланыштуу Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү мектеби жалпы класстар боюнча беш күндүк окуу жумалыгына өттү.

Класстар: 1, 2, 3, 4, 5, 6,7,8,9,10, 11

Окутуу сааттарынын саны : 20, 23, 25, 26, 30, 31, 33, 34, 35, 32, 33

Жумалык сабактардын саны : 20, 22, 24, 25, 29, 30, 30, 30, 30. 29, 30

Билим берүүнүн шарттарын жогорулатыш үчүн Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектеби төмөнкүлөргө басым жасайт:

- Билимдүү – кесипкөй мугалимдерди жумушка тартуу.
- Билим берүүдөгү жаңы методикаларды колдонуу.
- Окуучулардын жана ата-энелердин суроо-талаптарын анализдөө.
- Мектепти санариптештирүү боюнча ар кандай булактар менен иштешүү.
- Предметтик ийримдердин иштешине басым жасоо.
- Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруучу ийримдерди уюштуруп , иш алып баруу.
- Жакшы окуган окуучуларга көбүрөөк үй иштерин тапшыруу.
- Окууда болгон жетишкендиктери үчүн окуучуларды моралдык , материалдык жактан сыйлоо.